e-ISSN 1694-8688

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

# ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY

# CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

№2(3) / 2023

**№2(3) - 2023**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География

*Journal of Osh State University. Chemistry. Biology. Geography*

**e-ISSN:** 1694-8688

## ЖУРНАЛ ЖӨНҮНДӨ [kg]

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Химия. Биология. География” илимий журналы университеттин илимий журналдарынын импакт-факторун жогорулатуу жана келечекте эл аралык илимий базаларга киргизүү саясатын ишке ашыруу максатында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2022-жылдын 20-апрелиндеги 7-протоколунун негизинде ачылган.

“ОшМУнун Жарчысы. Химия. Биология. География” илимий журналы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Каттоо номуру 10297, 15-июнь 2022-жыл.

Журнал үч тилде – **кыргыз**, **орус** жана **англис** тилдеринде макалаларды жарыялайт. Материалдар **акысыз** негизде кабыл алынат. Журнал макалаларды жөнөтүү, аларды кароо жана жарыялоо үчүн акы албайт. Автордук сый акы төлөнбөйт.

Журнал **жылына 2 жолу** чыгат (кошумча атайын чыгарылыштар болушу мүмкүн).

Учурда журнал РИНЦте (Российский индекс научного цитирования) индекстелет.

Журналдын материалдарынын электрондук версиялары https://journal.oshsu.kg/index.php/chem-bio-geo/index жана www.e-library.ru сайттарында коомдук доменде жайгаштырылган.

**Негиздөөчүсү**
Ош мамлекеттик университети

**e-ISSN** 1694-8688 (электрондук версиясы)
**Префикс DOI**: 10.52754

## О ЖУРНАЛЕ [ru]

Научный журнал “Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География” был основан на основании 7-го протокола Ученого совета ОшГУ от 20 апреля 2022 года в целях повышения импакт-фактора научных журналов университета и в дальнейшем реализации политики включения в международные научные базы данных.

15 июня 2022 года журнал “Вестник ОшГУ. Химия. Биология. География” прошел регистрацию в Министерстве юстиции Кыргызской Республики под №10297.

Журнал публикует статьи на трех языках – **кыргызском**, **русском** и **английском**, принимает материалы к публикации на **безвозмездной** основе. Журнал не взимает плату за подачу статей, их рецензирование и их публикацию. Авторские гонорары не выплачиваются.

Периодичность издания: **2 выпуска в год** (возможны дополнительные специальные выпуски).

В настоящее время журнал “Вестник ОшГУ. Химия. Биология. География” индексируется в РИНЦ (Российский индекс научного цитирования).

Электронные версии материалов журнала размещаются на сайтах https://journal.oshsu.kg/index.php/chem-bio-geo/index и www.e-library.ru в открытом доступе.

**Учредитель**

Ошский государственный университет

**e-ISSN** 1694-8688 (электронная версия)
**Префикс DOI**: 10.52754

## ABOUT THE JOURNAL [en]

The scientific journal "Journal of Osh State University. Chemistry. Biology. Geography" was founded on the basis of the 7th Protocol of the Academic Council of Osh State University dated April 20, 2022 in order to increase the impact factor of scientific journals of the university and further implement the policy of inclusion in international scientific databases.

In June 15, 2022 the journal "Journal of Osh State University. Chemistry. Biology. Geography" was registered with the Ministry of Justice of the Kyrgyz Republic under No. 10297.

The journal publishes articles in three languages – **Kyrgyz**, **Russian** and **English**, accepts materials for publication **free of charge**. The journal does not charge for the submission of articles, their review and publication. Author's royalties are not paid.

Publication frequency: **2 issues per year** (additional special issues are possible).

The journal is indexed in RSCI (Russian Science Citation Index).

Electronic versions of the "Journal of Osh State University. Chemistry. Biology. Geography" materials are posted on the websites https://journal.oshsu.kg/index.php/chem-bio-geo/index and www.e-library.ru in the public domain.

**Founder**
Osh State University

**ISSN** 1694-7452 (print version)
**e-ISSN** 1694-8610 (electronic version)
**DOI prefix**: 10.52754

## РЕДАКЦИЯ [kg]

***Башкы редактор***

Низамиев Абдурашит Гумарович, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, география илимдеринин доктору, профессор, nizamiev@oshsu.kg

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү**

Аббасов Субхон Бурхонович, Өзбекстан Республикасы, Ш.Рашидов атындагы Самарканд мамлекеттик университети, география илимдеринин доктору, профессор, abbasovsubhon@gmail.com

Абдуллаева Майрам Дукуевна, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, техника илимдеринин доктору, профессор, mairama59@mail.ru

Алтыбаева Дильбара Тойчиевна, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, химия илимдеринин доктору, профессор, altybaeva_d@mail.ru

Амриев Ракиш Амриевич, Казакстан Республикасы, Торайгыров атындагы Павлодар мамлекеттик университети, химия илимдеринин доктору, профессор, amriev.rakish@mail.ru

Ахмадалиев Юсупжон Исмоилович, Өзбекстан Республикасы, Фергана мамлекеттик университети, география илимдеринин доктору, профессор, ahmadaliev-62@mail.ru

Дани Равипракаш Говиндрао, Америка Кошмо Штаттары, Техас университети, биология илимдеринин доктору, профессор, Gene.scan@gmail.com

Жумабаева Таасилкан Токтомаматовна, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, КР УИА корреспондент-мүчөсү, биология илимдеринин доктору, профессор, zhumol@oshsu.kg

Кирвель Иван Иосифович, Польша, Слупскдеги Помор академиясы, география илимдерин доктору, профессор, kirviel@yandex.ru

Матикеев Курманали, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, география илимдеринин доктору, профессор, K.matikeev@mail.ru

Мурзубраимов Бектемир Мурзубраимович, Кыргыз Республикасы, Улуттук илимдер академиясы, Химия жана фитотехнология институту, КР УИА академиги, химия илимдеринин доктору, профессор, murzubraimov.b@gmail.com

Садырова Гулбану Ауэзхановна, Казакстан Республикасы, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, биология илимдеринин доктору, профессор, gulbanu-s@mail.ru

Самиева Жыргал Токтогуловна, Кыргыз Республикасы, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-өзбек эл аралык университети, биология илимдеринин доктору, профессор, samieva_uito@mail.ru

Тажибаев Акынбек, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, биология илимдеринин доктору, профессор, Akynbek54@lict.ru

Турдубаева Гулсара, Кыргыз Республикасы, Ош мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, qulsara_59@rambler.ru

## РЕДАКЦИЯ [ru]

***Главный редактор***

Низамиев Абдурашит Гумарович, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, доктор географических наук, профессор, nizamiev@oshsu.kg

### Члены редакционной коллегии

Аббасов Субхон Бурхонович, Республика Узбекистан, Самаркандский государственный университет им.Ш.Рашидова, доктор географических наук, профессор, abbasovsubhon@gmail.com

Абдуллаева Майрам Дукуевна, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, доктор технических наук, профессор, mairama59@mail.ru

Алтыбаева Дилбара Тойчиевна, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, доктор химических наук, профессор, altybaeva_d@mail.ru

Амриев Ракиш Амриевич, Республика Казахстан, Павлодарский государственный университет им. Торайгырова, доктор химических наук, профессор, amriev.rakish@mail.ru

Ахмадалиев Юсупжон Исмоилович, Республика Узбекистан, Ферганский государственный университет, доктор географических наук, профессор, ahmadaliev-62@mail.ru

Дани Равипракаш Говиндрао, Соединенные Штаты Америки, Техасский университет, доктор биологических наук, профессор, Gene.scan@gmail.com

Жумабаева Таасилкан Токтомаматовна, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, член-корреспондент НАН КР, доктор биологических наук, профессор, zhumol@oshsu.kg

Кирвель Иван Иосифович, Польша, Поморская академия в Слупске, доктор географических наук, профессор, kirviel@yandex.ru

Матикеев Курманали, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, доктор географических наук, профессор, K.matikeev@mail.ru

Мурзубраимов Бектемир Мурзубраимович, Кыргызская Республика, Национальная академия наук, Институт химии и фитотехнологии, академик НАН КР, доктор химических наук, профессор, murzubraimov.b@gmail.com

Садырова Гульбану Ауэзхановна, Республика Казахстан, Казахский национальный университет им. аль-Фараби, доктор биологических наук, профессор, gulbanu-s@mail.ru

Самиева Жыргал Токтогуловна, Кыргызская Республика, Кыргызско-узбекский международный университет имени Б.Сыдыкова, доктор биологических наук, профессор, samieva_uito@mail.ru

Тажибаев Акынбек, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, доктор биологических наук, профессор, Akynbek54@lict.ru

Турдубаева Гульсара, Кыргызская Республика, Ошский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент, qulsara_59@rambler.ru

## EDITORIAL TEAM [en]

***Editor-in-chief***

Nizamiev Abdurashit, Kyrgyz Republic, Osh State University, Doctor of Geography, Professor, nizamiev@oshsu.kg

**Members of the editorial board**

Abbasov Subkhon, Republic of Uzbekistan, Samarkand State University named Sh. Rashidov, Doctor of Geography, Professor, abbasovsubhon@gmail.com

Abdullaeva Mayram, Kyrgyz Republic, Osh State University, Doctor of Technical Sciences, Professor, mairama59@mail.ru

Altybaeva Dilbara, Kyrgyz Republic, Osh State University, Doctor of Chemical Sciences, Professor, altybaeva_d@mail.ru

Amriev Rakish, Republic of Kazakhstan, Pavlodar State University named Toraigyrov, Doctor of Chemical Sciences, Professor, amriev.rakish@mail.ru

Akhmadaliev Yusupjon, Republic of Uzbekistan, Fergana State University, Doctor of Geography, Professor, ahmadaliev-62@mail.ru

Dani Raviprakash, United States of America, University of Texas, Doctor of Biological Sciences, Professor, Gene.scan@gmail.com

Zhumabaeva Taasilkan, Kyrgyz Republic, Osh State University, Corresponding Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Doctor of Biological Sciences, Professor, zhumol@oshsu.kg

Kirvel Ivan, Poland, Pomeranian Academy in Slupsk, Doctor of Geography, Professor, kirviel@yandex.ru

Matikeev Kurmanali, Kyrgyz Republic, Osh State University, Doctor of Geography, Professor, K.matikeev@mail.ru

Murzubraimov Bektemir, Kyrgyz Republic, National Academy of Sciences, Institute of Chemistry and Phytotechnology, Academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Doctor of Chemical Sciences, Professor, murzubraimov.b@gmail.com

Sadyrova Gulbanu, Republic of Kazakhstan, Kazakh National University named al-Farabi, Doctor of Biological Sciences, Professor, gulbanu-s@mail.ru

Samieva Zhyrgal, Kyrgyz Republic, Kyrgyz-Uzbek International University named B.Sydykov, Doctor of Biological Sciences, Professor, samieva_uito@mail.ru

Tazhibaev Akynbek, Kyrgyz Republic, Osh State University, Doctor of Biological Sciences, Professor, Akynbek54@lict.ru

Turdubaeva Gulsara, Kyrgyz Republic, Osh State University, Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor, qulsara_59@rambler.ru

**МАЗМУНУ**
Содержание
*Contents*


**ХИМИЯ / CHEMISTRY**

**Абдулазизов Т.А., Кайратбек к. Д., Гуламова Т.К.**
Жалпы орто билим берүүчү мектептерде Химия предметинен 8-9-класстар үчүн окуу кетептеринин кээ бир темаларына сунуштар....1

**БИОЛОГИЯ / BIOLOGY**

**Абдыкааров А.М., Атабеков У.А., Курсанбекова К.К.**
Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана сандык бөлүштүрүлүшү....7

**ГЕОГРАФИЯ / GEOGRAPHY**

**G. Domej, S. Manolcheva, U. Aslanov, S. Qodirov**
Hilfswerk International: The role of an NGO at the interface between science, society, and government in Central Asia....14

**Зулушова А.Т., Дүйшөнакунов М.Т., Кулушова А.Т.**
Мектепте географияны окутуу аркылуу инсанды калыптандыруудагы экологиялык таалим жана тарбия берүүнүн орду жана мааниси....33

**Момошева Г.А., Низамиева З.А., Атабаев Н.**
География профессионально трудовой реабилитации....39

**Султанов Ж.М., Базарбаева Г.Б., Кудайназар к. М.**
Баткен облусунун туризмин өнүктүрүүдөгү өрүк гүлүнүн орду (өрүктү туристтик продукт катары сунуштоо)....45

**Шербаева З.Э., Камчиев У.М.**
Экологиялык проблемалардын жана жагымсыз табигый абалдардын карталарын жаратуу....51

**Момошева Г.А.**
Территориальные и психологические проблемы трудоустройства людей с ограниченными возможностями: вызовы и перспективы....60

**Кузибаева О.М., Исакова У.И.**
Развитие географических основ для оптимизации геоэкологических ситуаций юго-западной Ферганы....66

**Эргашов С., Колдошов М.**
Молдо Нияздын санаттары жана андагы географиялык маалыматтар....73

**ЭКОЛОГИЯ / ECOLOGY**

**Каримов Б.А., Дурсунбаева А.Ж., Айбек к. А.**
Твердые бытовые отходы города Ош и проблемы их утилизации....80

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№2(3)/2023, 1-6

***ХИМИЯ***

**УДК: 372.854:371.3.**
**DOI:** 10.52754/16948688_2023_2(3)_1

# ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДЕ ХИМИЯ ПРЕДМЕТИНЕН 8-9-КЛАССТАР ҮЧҮН ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН КЭЭ БИР ТЕМАЛАРЫНА СУНУШТАР

# РЕКОМЕНДАЦИИ ПО НЕКОТОРЫМ ТЕМАМ УЧЕБНИКОВ ХИМИИ 8-9 КЛАССОВ В СРЕДНИХ ШКОЛАХ

# RECOMMENDATIONS ON SOME TOPICS OF CHEMISTRY TEXTBOOKS FOR 8-9 th GRADES IN SECONDARY SCHOOLS

**Абдулазизов Тилебалды Адилович**
*Абдулазизов Тилебалды Адилович*
*Abdulazizov Tilebaldy Adilovich*

**х.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.х.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate in chemical sciences, associate professor, Osh State University*
abdulazizov@oshsu.kg
ORCID: 0009-0003-2883-4584

---

**Кайратбек кызы Диана**
*Кайратбек кызы Диана*
*Kairatbek kyzy Diana*

**Магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master student, Osh State University*
dianakairatbekkyzy@gmail.com
ORCID: 0009-0000-1814-3374

---

**Гуламова Таттыбүбү Курбанбековна**
*Гуламова Таттыбүбү Курбанбековна*
*Gulamova Tattybubu Kurbanbekovna*

**Студент, Ош мамлекеттик университети**
*Студент, Ошский государственный университет*
*Student, Osh State University*
gulamovatattybubu0404@gmail.com
ORCID: 0009-0004-1137-8778

# ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДЕ ХИМИЯ ПРЕДМЕТИНЕН 8-9-КЛАССТАР ҮЧҮН ОКУУ КЕТЕПТЕРИНИН КЭЭ БИР ТЕМАЛАРЫНА СУНУШТАР


**Аннотация**

Маанилүүлүк. 8-класста "Валенттүүлүк" деген темада кычкылтектин үч валенттүү бирикмелери ($H_3O^+$ жана ис газы CO) бар экендигин ушул темага жазууну сунуштайбыз. "Кислоталар" деген темада $H_3PO_2$ бир негиздүү, $H_3PO_3$ эки негиздүү экендигин белгилеп өтүү зарыл. Суудагы эритмеде суутек иону ($H^+$) түрүндө жазуунун ордуна гидроксония ионун ($H_3O^+$) жазууну жана "Элементтердин кычкылдануу даражалары" деген темага атомдордун кычкылдануу даражаларынын мааниси валенттүүлүккө дал келбеген бирикмелердин химиялык формулаларын жазууну сунуштайбыз. Жогорку окуу жайлар үчүн жазылган окуу китептерде кычкылдануу даражаларынын мааниси валенттүүлүккө дал келбеген бирикмелер боюнча маалыматтар жазылган. Жогорудагы темаларга сунушталган пикирлер жалпы билим берүүчү мекемелерде химия предмети жазылган окуу китептеринде болсо, жогорку окуу жайда "жалпы химия" жана "органикалык эмес химия" предметтерди окуганда студенттерде кайчы пикир жаралбайт.


***Ачкыч сөздөр:*** элемент, атом, валенттүүлүк, кычкылдануу даражасы, химиялык формула.

***Рекомендации по некоторым темам учебников химии 8-9 классов в средних школах***


**Аннотация**

Актуальность. В теме «Валентность», которую проходят в 8 классе, рекомендуем отметить наличие трехвалентных соединений кислорода ($H_3O^+$ и угарный газ CO). В теме «Кислоты» необходимо отметить, что $H_3PO_2$ является одноосновным, а $H_3PO_3$ - двухосновным. Вместо того, чтобы записывать в виде иона водорода ($H^+$) в водном растворе, мы рекомендуем записывать ион гидроксония ($H_3O^+$). В теме «Степени окисления элементов» - отметить химические формулы соединений, в которых значения степеней окисления атомов не соответствуют валентности, поскольку эта информация есть в учебниках, написанных для высшего учебного заведения. Считаем привести в соответствие некоторые темы учебников средних школ с учебниками высших заведений. Тогда у студентов не возникает противоречивых мнений.


***Ключевые слова:*** элемент, атом, валентность, степен окисления, химическая формула.

***Recommendations on some topics of chemistry textbooks for 8-9th grades in secondary schools***


**Abstract**

Relevance. In the topic "Valency", which is taught in 8th grade, we recommend noting the presence of trivalent oxygen compounds ($H_3O^+$ and carbon monoxide CO). In the topic "Acids" it should be noted that $H_3PO_2$ is monobasic, and $H_3PO_3$ is dibasic. Instead of writing it as a hydrogen ion ($H^+$) in aqueous solution, we recommend writing it as a hydronium ion ($H_3O^+$). In the topic "Oxidation states of elements" note the chemical formulas of compounds in which the values of the oxidation states of atoms do not correspond to valency, since this information is in textbooks written for a higher educational institution. We consider bringing some topics in secondary school textbooks into line with higher education textbooks. Then students do not have conflicting opinions.


***Keywords:*** element, atom, valence, oxidation state, chemical formula.

**Киришүү**

Эгемендүүлүк алгандан кийинки жылдарда Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр билим берүү системасына өз таасирин тийгизди. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жээнбеков 2018-жылы КМШ өлкөлөрүнүн мугалимдеринин жана билим берүү кызматкерлеринин V-съездинде билим берүү жөнүндө мындай деп белгилеп кеткен:… “Ошону менен эле бирге бүгүнкү мезгил жаңы талаптарды коюуда. Бүгүн дүйнөнүн көп өлкөлөрү билим берүүнүн жаңы моделин издеп жатат. Биз да өлкөнүн өнүгүүсүнө түрткү берген билим берүүнүн моделин түзүшүбүз керек” [1].

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде химия предметинен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу зарыл, себеби табигый илимдердин ичинен химия күндөлүк турмушка эң жакыны жана окуучунун дүйнөгө болгон илимий көз карашын жана инсандык касиеттерин калыптандырат. Бирок, 2023-2024 окуу жылында окуу планы боюнча химия предметин окутууга 8-11-класстарда ар бир класта жумасына 2 сааттан жылына 68 сааттан убакыт бөлүнгөн. 2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасыны өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында: “Билим берүү системасы ар тараптан өнүккөн инсандык сапаттарга жана билимин турмушта пайдалана алган, компетенцияларга ээ болгон адамдарды калыптандырууга багыт алуулары зарыл” – деп белгиленген [2, 11].

2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасыны өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында белгилегендей билим берүү системасын ишке ашырууда, химия предметинен заманбап химия окуу кабинеттери, лабораториялык-эксперименталдык база, окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолор зарыл.

Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүчү мектептер үчүн химия предметинен бир канча окуу китептери басмадан чыккан: Кособаева Б.М. Химия 8-класс. Бишкек “Шам” 1999, Сулайманкулов К, Кособаева Б.М. Химия 9-класс. “Билим” 2006, Молдогазиева С.М., Иманкулова Г.И., Кособаева Б.М. Органикалык химия 10-класс Бишкек “Инсанат” 2008. Кудайбергенов Т.Т., Молдогазиева С.М., Иманкулова Г.И. Жалпы химия 11-класс. Бишкек “Инсанат” 2008. Исмаилова С., Маматкулова Ж., Женалиева З., Жакышова Б. Химия 8-класс. Бишкек “ Билим-компьютер басмаканасы” 2009.

2023-жылга Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарында 8-9-класстар үчүн химия боюнча предметтик стандартыда 8-класс үчүн окуу китеби катары Рыспаева Б.С., Молдогазиева С., Байдинов Т. Химия. Бишкек “Экспресс-Принтер” 2021, ал эми 9-класс үчүн Кудайбергенов Т.Т., Рыспаева Б.С., Асанов Ү.А. Химия. Бишкек. “Инсанат” 2015 [3].

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары**

Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн химия предметинен окуу китептердин түрдүү авторлор тарабынан кыргыз тилинде жазылганы кыргыз класстарда окуган окуучулар үчүн жакшы.

Негизги максат жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн химия предметинен колдонулган окуу китептерине сунуштар.

Изилдөөнүн объектиси жалпы билим берүүчү уюмдарында үчүн химия предметинен 8-9- класстар үчүн колдонулган окуу китептер.

550100-табигый илимий билим берүү багытындагы студенттерге жалпы химия, органикалык эмес предметтерин окутуу учурунда кайчы пикирлер пайда болууда, мына ошондукта химия предмети боюнча 8-9-класстар үчүн жазылган китептердин кээ бир темаларына толуктоолор киргизүү зарыл.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Жалпы билим берүүчү уюмдарга кыргыз тилинде химия предмети боюнча 8-класс үчүн жазылган [4] окуу китептин I главанын §11, 30-бетте [5] окуу китептин I главанын §8. 38-бетте [6], I главанын §12, 30-бетте “Валенттүүлүк” деген темада туруктуу валенттүүлүккө ээ болгон элементтердин катарын карап көрөлү. Эки валенттүү элементтердин катарына кычкылтек жайгаштырылган, туура, кычкылтек көпчүлүк химиялык бирикмелерде эки валенттүү, бирок кычкылтектин үч валенттүү бирикмелери да бар, аларга гидроксония иону ($H_3O^+$) жана ис газы (CO) кирет.

Гидроксония иону эритмелерде жашай алат. Бирок 9-класс үчүн жазылган окуу китепин [7] I главанын §11, 28-бетинде “Кислоталардын, негиздердин, туздардын диссоциациясы ” деген темада кислоталар суудагы эритмесинде суутек иондоруна ($H^+$) жана кислота калдыктарына ажырайт деп жазылган. Суутектин ионунун радиусу кичине болгондуктан эритмеде суунун бир молекуласы менен донордук-акцептордук байланыш аркылуу байланышып гидроксония ионун пайда [8] кылат. Гидроксония ионунда кычкылтек үч валенттүү.

Ис газын (CO) көпчүлүк адабияттарда көмүртектин (II) оксиди деп кездештирүүгө болот, бирок [9] ис газынын молекуласында көмүртектин атому менен кычкылтектин атомунун ортосунда эки ковалеттик байланыштан башка донордук-акцептордук байланыш бар экендиги көрсөтүлгөн жана көмүртектин, кычкылтектин валенттүүлүгү үчкө барабар деп айтылган. Ошондуктан ис газын көмүртектин (II) оксиди деп атоонун ордуна эл аралык номенклатура боюнча көмүртектин монооксиди деп атоо туура.

Валенттүүлүк түшүнүгү боюнча азоттун (I) оксидинин формуласы $N_2O$.

Мында эки азоттун валенттүүлүгү эки, башка бир азот төрт, ал эми экинчи азот эки валенттүү. Азоттун монооксидинде азоттун атомдору бири-бири менен үч уюлсуз коваленттик байланыш жана бир донордук-акцептордук байланыш аркылуу байланышканы [9] 126-бетте структурасынан көрүнүп турат.

Жалпы билим берүүчү уюмдарга кыргыз тилинде химия предмети боюнча 8-класс үчүн жазылган [4] окуу китептин VII главанын §40, 112-бетте, [5] окуу китептин VIII главанын §38, 174-бетте, [5] окуу китептин VI главанын §4, 109-бетте “Кислоталар” деген темада кислоталардын негиздүүлүгү суутектин атомдорунун санына барабар деп жазылган. Бирок кээ бир кислоталардын негиздүүлүгү суутектин атомдорунун санына жараша болбойт, $H_3PO_2$ бул кислотанын негиздүүлүгү бирге, ал эми $H_3PO_3$ нездүүлүгү экиге барабар [9].

Жалпы билим берүүчү уюмдарга кыргыз тилинде химия предмети боюнча 8-9-класстар үчүн жазылган [4] окуу китептин IX главанын §56, 159-беттеги "Кычкылдануу даражасы.Элементтердин кычкылдануу даражасы" деген тема, [5] окуу китептин VII главанын §35, 164-беттеги "Окистенүү-калыбына келүү реакциялары" деген тема [7] окуу китептин IV главанын §1, 62- беттеги "Кычкылдануу даражасы" деген тема берилген. Жогоруда аталган окуу китептеринде элементтин кычкылдануу даражасы валенттүүлүгүнө дал келген заттардын химиялык формулалары жазылган, ал эми элементтин кычкылдануу даражасы валенттүүлүгүнө дал келбеген заттарга түшүндүрмө берилген жок. Азот кислотасында азоттун атомунун кычкылдануу даражасынын мааниси +5, ал эми валенттүүлүгү төрткө барабар, аммонийдин ионунда азоттун атомунун кычкылдануу даражасынын мааниси -3, ал эми валенттүүлүгү төрткө барабар, көмүртектин монооксидинде көмүртектин атомунун кычкылдануу даражасы +2, кычкылтектин атомунун кычкылдануу даражасы –2, көмүртек жана кычкылтектин валенттүүлүгү үчкө барабар. $H_3PO_2$ кислотада фосфордун атомунун кычкылдануу даражасынын мааниси +1, валенттүүлүгү бешке, ал эми $H_3PO_3$ кислотада фосфордун атомунун кычкылдануу даражасынын мааниси +3, валенттүүлүгү бешке барабар.

**Кортунду**

Жалпы билим берүүчү уюмдарга кыргыз тилинде химия предмети боюнча 8-класс үчүн жазылган [3] окуу китептин I главанын §11, 30-бетте [5] окуу китептин I главанын §8, 38-бетте [6] окуу китептин I главанын §12, 30-бетте "Валенттүүлүк"деген темада кычкылтектин үч валенттүү бирикмелери ($H_3O^+$ жана ис газы CO) бар экендигин ушул темага жазууну сунуштайбыз.

"Кислоталар" деген темада кислотанын негиздүүлүгү суутектин атомунун санына жараша болот, бирок төмөнкү кислоталар (Бир негиздүү $H_3PO_2$, эки негиздүү $H_3PO_3$) бул эрежеге баш ийбей тургандыгын көрсөтүү зарыл.

Суудагы эритмеде суутек иону ($H^+$) түрүндө жазуунун ордуна гидроксония ионун ($H_3O^+$) жазууну жана "Элементтердин кычкылдануу даражалары" деген темага атомдордун кычкылдануу даражаларынын мааниси валенттүүлүккө дал келбеген бирикмелердин химиялык формулаларын белгилеп кетүүнү сунуштайбыз себеби, жогорку окуу жайлар үчүн жазылган окуу китептерде бул маалыматтар камтылган. Жогорудагы темаларга сунушталган пикирлер жалпы билим берүүчү уюмдарга химия предмети жазылган окуу китептеринде болсо, жогорку окуу жайда "жалпы химия" жана " органикалык эмес химия" предметтерди окуганда студенттерде кайчы пикир жаралбайт.

**Адабияттар**


1. Батыралиев А. Билим берүүнүн жаңы моделин түзүүнүн педагогикалык негиздери. ОшМУнун жарчысы, 2020, 64-68.
2. 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы. https://www.gov.kg/ky/programs/8.
3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарында 8-9-класстары үчүн «ХИМИЯ» боюнча предметтик стандарты https://kao.kg/wp-content/uploads/2020/10/

4. Химия: орто мектептин 8-кл.үчүн окуу китеби / С. Исмаилова, Ж. Маматкулова, З. Женалиева, Б.Жакышова. Бишкек. Билим-компьютер басмасы. 2009.168 б.
5. Химия: орто мектептин 8-кл.үчүн окуу китеби / Б.Рыспаева, К.Р. Рысмендеев, Т.Т. Кудайбергенов Бишкек. Инсанат. 2013. 208 б.
6. Химия: орто мектептин 8-кл.үчүн окуу китеби /Б.М. Кособаева. Бишкек: Шам 1999.168 б.
7. Химия: орто мектептин 9-кл. үчүн окуу китеби / К.С. Сулайманкулов, Б.М.Кособаева 2-бас., толук. Бишкек. Билим, 2006. 176 б.
8. Химия: справ. изд./ В. Шретер, К.Х. Лаутеншлегер, Х. Бибрак и др.: Пер. с нем._М.: Химия,1989,-Пер.изд.: ГДР, 1986, 648с.
9. Общая и неорганическая химия: учеб. пособие для.вузов /Я.А.Угай.-4-е изд.,стер.-Высш. шк, 2004. 527с.
10. Общая химия: учеб. пособие для.вузов / Н.Л.Глинка. Л.: 1986. 704с.
11. Мурзакулова, Н.А., Турдубаева, Г.Т. (2020). Орто кесиптик окуу жайларындагы медициналык колледждин фармация адистигиндеги студенттерге химияны кесипке багыттап окутуунун жолдору. *Вестник Ошского государственного университета,* No. 1-4, сс. 178-181. EDN: CXQPJE.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№2(3)/2023, 7-13

***БИОЛОГИЯ***

**УДК: 599. 323.4**
**DOI:** 10.52754/16948688_2023_2(3)_2

# САРКЕНТ МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДА БАЙЫРЛАГАН ЧЫЧКАН СЫМАЛ КЕМИРҮҮЧҮЛӨРДҮН ТҮРДҮК КУРАМЫ ЖАНА САНДЫК БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

# ВИДОВОЙ СОСТАВ И КОЛИЧЕСТВЕННОЕ РАСПРЕДЕЛЕНИЕ МЫШЕВИДНЫХ ГРЫЗУНОВ САРКЕНТСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА

# SPECIES COMPOSITION AND QUANTITATIVE DISTRIBUTION OF MOUSE-LIKE RODENTS IN THE SARKENT STATE NATURAL PARK

**Абдыкааров Абдиманнап Момунович**
*Абдыкааров Абдиманнап Момунович*
*Abdykaarov Abdimanap Momunovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н, доцент, Ошский государственный университет*
*candidate in biological sciences, associate professor, Osh State University*
aabdykaarov@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-5783-8688

---

**Атабеков Усан Аданович**
Атабеков Усан Аданович
*Atabekov Usan Adanovich*

**б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.б.н, доцент, Ошский государственный университет*
*candidate in biological sciences, associate professor, Osh State University*

---

**Курсанбекова Кылымбүбү Курсанбековна**
*Курсанбекова Кылымбүбү Курсанбековна*
*Kursanbekova Kylymbubu Kursanbekovna*

**Магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master student, Osh State University*

# САРКЕНТ МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДА БАЙЫРЛАГАН ЧЫЧКАН СЫМАЛ КЕМИРҮҮЧҮЛӨРДҮН ТҮРДҮК КУРАМЫ ЖАНА САНДЫК БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

## Аннотация

Маанилүүлүк. Бул макалада Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 8 түрүнүн *(Dryomys nitedula, Microtus arvalis, Ellobius tancrei, Apodemus sylvaticus, Mus musculus, Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus, Alticola argentatus)* 6 ландшафт (шагал таштуу тоо боорлору, арча токойлор, бадалдуу токойлор, табигый жээк экотондору, антропогендик селитебдик ландшафттар жана агроценоздор) боюнча сандык бөлүштүрүлүшүн изилдөө жыйынтыктары баяндалды. Изилдөө жыйынтыктары чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен доминанттык орунду *Apodemus sylvaticus* (28,12±3,97%), ал эми субдоминанттык орунду *Rattus turkestanicus* (25,0±3,83%) жана *Rattus norvegicus* (15,62 ± 3,21) ээлегендиги тастыкталды. Ландшафттар боюнча кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы арча токойлорунда басымдуулук кылып, 6 түрдүн байырлагандыгы жана алардын пайыздык үлүшү 29,69±4,04 ди көрсөттү. Парктын аймагында байырлаган чыгыш сокур момолоюнун *(Ellobius tancrei)* тыгыздыгын аныктоонун жыйынтыгы орточо эсеп менен 1 га аянтка 28-30 особь туура келээрин көрсөттү. Бул түр негизинен парктын төмөнкү аймактарында гана катталды.

***Ачкыч сөздөр:*** Чычкан сымал кемирүүчүлөр, түрдүк курам, доминанттык түрлөр, субдоминанттык түрлөр, синантроптук түрлөр, табигый ландшафт, антропогендик–селитебдик ландшафт, агроценоздор.

### *Видовой состав и количественное распределение мышевидных грызунов Саркентского государственного природного парка*

**Аннотация**

Актуальность. В данной статье дано результаты исследования количественных показателей 8 видов мышевидных грызунов *(Dryomys nitedula, Microtus arvalis, Ellobius tancrei, Apodemus sylvaticus, Mus musculus, Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus, Alticola argentatus)* на 6 ландшафтах (каменисто-шебенные горные склоны, арчевые леса, кустарниковые леса, естесвенные прибрежные экотоны, антропогенные селитебные ландшафты и агроценозы) Саркентского государственного природного парка. Результаты исследования показали, что доминантным видом является *Apodemus sylvaticus* (28,12±3,97%), а субдоминантными видами - *Rattus turkestanicus* и *Rattus norvegicus*, соответственно их численность составляет 25,0±3,83% и 15,62 ± 3,21. Видовой состав и численность грызунов доминирует в арчовых лесах, где встречаются 6 видов и их обилие составляет 29,69±4,04. Результаты определения плотности кефали восточной (Ellobius tancrei) на территории парка показали, что на 1 га в среднем приходится 28-30 особей. Этот вид в основном отмечен только в нижних частях парка.

***Ключевые слова:*** Мышевидные грзуны, видовой состав, доминантные виды, субдоминантные виды, синантропные виды, естественный ландшафт, антропогенно–селитебный ландшафт, агроценозы.

### *Species composition and quantitative distribution of mouse-like rodents in the Sarkent state natural park*

**Abstract**

Relevance. The article presents the results of a study of quantitative indicators of 8 species of mouse-like rodents *(Dryomys nitedula, Microtus arvalis, Ellobius tancrei, Apodemus sylvaticus, Mus musculus, Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus, Alticola argentatus)* on 6 landscapes (rocky and shaggy mountain slopes, juniper forests, shrubby forests, natural coastal ecotones, anthropogenic residential landscapes and agrocenoses) of the Sarkent State Natural Park. The results of the study showed that the dominant species is *Apodemus sylvaticus* (28,12±3,97%), and the subdominant species are *Rattus turkestanicus* and *Rattus norvegicus*, respectively, their numbers are 25,0±3,83% and 15,62 ± 3,21. The species composition and number of rodents dominates in juniper forests, where 6 species are found and their abundance is 29,69±4,04. The results of determination of the density of the eastern blind mullet (Ellobius tancrei) in the territory of the park showed that on average 28-30 individuals correspond to 1 ha. This species was mainly recorded only in the lower areas of the park.

***Keywords:*** Mouse-like rodents, species composition, dominant species, subdominant species, synanthropic species, natural landscape, anthropogenic-residential landscape, agrocenoses.

**Киришүү**

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркы Түркестан тоо кыркасындагы биоартүрдүүлүктү жана жаратылыш комплекстерин сактоо максатында 2009-жылы Баткен облусунун Лейлек районунун аймагында түзүлгөн. Паркта арча токойлору басымдуулук кылып, Жашыл-Көл, Сүт-Көл, Бөйрөк-Көл ж.б. уникалдуу көлдөр орун алган (Нурлан кызы жб., 2019; Матибали уулу жб., 2022).

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана сандык маалыматтары боюнча илимий эмгектер жарыяланган эмес. Кемирүүчүлөр *(Rodentia)* түркүмүнүн түрдүк курамы боюнча маалыматтарды аталган парктын летопистеринен жана отчетторунан кездештирүүгө болот.

Кыргызстандын түштүк аймагынын, анын ичинде Саркент мамлекеттик жаратылыш паркы орун алган Памир-Алай тоо кыркасынын кемирүүчүлөрүнө фаунистикалык мүнөздөмөлөр Н.А.Северцовдун (Северцов, 1879, 36 б.), А.И.Янушеевичтин ж.б. (Янушеевич ж.б., 1972, 464 б), Б.М.Айзиндин (Айзин, 1979, 200 б.), Б.К.Кулназаровдун (Кулназаров, 2008, 216 б.), Б.К.Кулназаровдун (Кулназаров, 1993, 38-39 б.) жана У.А.Атабековдун (Атабеков, 2013, 24 б.) эмгектеринде берилген.

**Изилдөө методдору**

Чычкан сымал кемирүүчүлөрдү кармоо жана эсептөөлөр зоологиялык жана экологиялык илимий изилдөөлөрдө колдонулуучу капкан-сызык усулунун жардамында жүргүзүлдү. Чычкан сы мал кемирүүчүлөргө жүргүзүлгөн изилдөөлөр В.В. Кучеруктун усулун пайдалануу менен чычкандарды кармоочу курал катарында "Геро" тибиндеги капкандар колдонулду. Алынган материалдар жалпы кабыл алынган статистикалык эсептөөлөрдөн өткөрүлдү (Кучерук, 1986, 376 б.)

Ал эми чыгыш сокур момолоюна *(Ellobius tancrei)* эсеп жүргүзүү жер алдында жашаган кемирүүчүлөр үчүн иштелип чыккан, маршруттук-сызык усулунун негизинде ишке ашырылды. Т.а., сокур момолойдун түртүп чыгарган топурак дөңсөчөлөрүнүн 10 метр кеңдиктеги жана узундугу 1000 м ди түзгөн маршруттук сызыктагы саны аныкталды. Маршруттун узундугу туурасына, т.а, 10 *м* ге көбөйтүлүп, маршруттун жалпы аянты ($м^2$) эсептелет. Андан ары бул аянттагы сокур чычкандардын *(Ellobius tancrei)* ийиндери саналып, 1 га аянттагы тыгыздыгы аныкталат. Бул усулду жаз жана күз айларында колдонуу максатка ылайык келет. Себеби, жылдын бул мезгилдеринде чөптүн бийиктиги жапыс болуп, казылган уяларды эсептөөгө мүмкүн болот. Жай мезгилинде бийик өсүмдүктөр ийиндерди эсептөөгө тосколдуктарды жаратат.

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана систематикалык тизмеси КРнын УИАнын биология жана топурак таануу институтунун окумуштуулары тарабынан жарык көргөн “Омурткалуу жаныбарлардын систематикалык тизмеси” (Торстен, 2010, 116 б.) жана “Кыргызстандын генетикалык фондусунун кадастры” (Давлетбаков ж.б., 2015. 128 б.) эмгектеринин негизинде берилди.

**Изилдөө жыйынтыктары**

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында байырлагын чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы, ландшафттар боюнча бөлүштүрүлүшү жана сандык маалыматтары зоология жана экология кафедрасынын окумуштуулары тарабынан аталган

парктын фаунасына 2015-2018 – жылдар аралыгында жүргүзүлгөн илимий экспедициялардын жыйынтыгында аныкталды.

Чычкан сымал кемирүүчүлөргө тыйын чычкандар *(Sciuridae)* жана чүткөрлөр (Hystricidae) тукумдарынын, аламандар тукумуна *(Cricetidae)* таандык ондатарлар уруусунун *(Ondatra)* өкүлдөрүнөн башка кемирүүчүлөр киргизилди. Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларынын систематикалык тизмеси боюнча чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 23 түрү кездешет (Торстен, 2010, 116 б.). Кыргызстандын түштүк аймагындагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдү изилдөөлөрдүн жыйынтыгы 14 түрдүн (Атабеков, 2013, 24 б.), ал эми Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында 8 түрдүн кездешээри аныкталды (1-табл.).

**1-таблица.** *Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн систематикалык тизмеси.*

| **№** | **Кыргызча аталышы** | **Латынча аталышы** | **Орусча аталышы** |
|---|---|---|---|
| *I* | *Барак куйруктар тукуму* | *Cliridae Thomas, 1906* | *Семейство сони* |
| 1. | Токой барак куйругу | *Dryomys nitedula* (Pallas, 1779) | Лесная соня |
| *II* | *Аламандар тукуму* | *Cricetidae (Fischer, 1814)* | *Семейство хояковые* |
| 2. | Корум момолою | *Alticola argentatus* (Severtzov, 1879) | Серебиристая полевка |
| 3. | Арча момолой | *Microtus juldasci* (Severtzov, 1879) | Арчевая полевка |
| 4. | Чыгыш сокур момолою | *Ellobius tancrei* (Blasius,1884) | Восточная слепушонка |
| *III* | *Чычкандар тукуму* | *Muridae Illiger, 1811* | *Семейство мышовые* |
| 5. | Токой чычканы | *Apodemus sylvaticus* (Linnaeus, 1758) | Лесная мышь |
| 6. | Үй чычканы | *Mus musculus* (Linnaeus, 1758) | Домовая мышь |
| 7. | Түркестан келемиши | *Rattus turkestanicus* (Satunin, 1903) | Туркестанская крыса |
| 8. | Боз келемиш | *Rattus norvegicus* (Berkentheut, 1769) | Серая крыса |

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн сандык бөлүштүрүлүшүн анализдөөнүн жыйынтыгында токой чычканынын *(Apodemus sylvaticus),* түркестан келемишинин *(Rattus turkestanicus)* жана боз келемиштин *(Rattus norvegicus)* сандык көрсөткүчтөрүнүн жогору экендиги далилденди (2-табл., 1-сүрөт).

**2-таблица.** *Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн сандык катыштары.*

| **№** | **Түрлөр** | **Абсолюттук саны** | **%** |
|---|---|---|---|
| 1. | *Dryomys nitedula* | 10 | 7,81 ± 2,37 |
| 2. | *Microtus juldaschi* | 11 | 8,60 ± 2,48 |
| 3. | *Rattus turkestanicus* | 32 | 25,00 ± 3,83 |
| 4. | *Articola argentatus* | 6 | 4,69 ± 1,87 |
| 5. | *Apodemus sylvaticus* | 36 | 28,12 ± 3,97 |
| 6. | *Mus musculus* | 13 | 10,16 ± 2,67 |
| 7. | *Rattus norvegicus* | 20 | 15,62 ± 3,21 |
| | *Баары* | *128* | |




**1-сүрөт.** *Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн пайыздык үлүштөрү.*

Тактап айтканда, 7 түр чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен доминант болуп *Apodemus sylvaticus* эсептелип, анын пайыздык үлүшү 28,12 ± 3,97% ти, ал эми субдоминанттык түрлөр катары *Rattus turkestanicus* жана *Rattus norvegicus* саналып, алардын пайыздык үлүштөрү 25,00 ± 3,83% жана 15,62 ± 3,21% ти түздү.

Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары Кыргызстандын түштүк аймагында 2005-жылы пайда болгон *Rattus norvegicus* [2] орто тоо бийиктик алкагына чейин ареалын кеңейтип жаткадыгын аныктайт. Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ландшафттар боюнча таркалуусу 3-таблицада берилген.

**3-таблица.** *Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрлөрүнүн Саркент мамлекеттик жаратылыш паркындагы ландшафттар боюнча сандык бөлүштүрүлүшү.*

| № | Ландшафттар | Абсолюттук саны | Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрлөрү | % |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Шагал таштуу боорлор | 2 | *Articola argentatus* | 6,25±2,14 |
| | | 3 | *Apodemus sylvaticus* | |
| | | 3 | *Microtus juldaschi* | |
| 2. | Арча токойлору | 4 | *Dryomys nitedula* | 29,69±4,04 |
| | | 6 | *Microtus juldaschi* | |
| | | 3 | *Rattus turkestanicus* | |
| | | 15 | *Apodemus sylvaticus* | |
| | | 4 | *Rattus norvegicus* | |
| | | 2 | *Mus musculus* | |
| | | 4 | *Articola argentatus* | |
| 3. | Бадал токойлору | 7 | *Apodemus sylvaticus* | 10,16±2,67 |
| | | 2 | *Mus musculus* | |
| | | 4 | *Rattus turkestanicus* | |
| 4. | Табигый жээк экотондору | 3 | *Dryomys nitedula* | 16,41±3,27 |
| | | 2 | *Microtus juldaschi* | |
| | | 11 | *Apodemus sylvaticus* | |
| | | 5 | *Rattus turkestanicus* | |
| 5. | Антропогендик селитебдик ландшафттар | 5 | *Mus musculus* | 23,44±3,74 |
| | | 12 | *Rattus turkestanicus* | |
| | | 10 | *Rattus norvegicus* | |
| | | 3 | *Dryomys nitedula* | |
| 6. | Агроценоздор | 4 | *Mus musculus* | 14,06±3,07 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 8 | *Rattus turkestanicus* | |
| | | 6 | *Rattus norvegicus* | |

3-таблицада көрүнүп тургандай арча токойлорунда бардык чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 7 түрүнүн кездешээри жана түрлөрдүн пайыздык катышынын эң жогору экендигин (29,69±4,04) көрүүгө болот.

Арча токойлорунда *Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus* жана *Mus musculus* сыяктуу синантроптук түрлөрдүн кездешиши, алардагы жергиликтүү калктын короо-сарайларына байланыштуу. Ошондой эле, маданий ландшафттардан антропогендик-селитебдик ландшафттарда (23,44±3,74) жана агроценоздордо (14,06±3,07) чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн сандык көрсөткүчтөрүнүн жогору экендигин көрүүгө болот. Ал эми табигый ландшафттардан табигый жээк экотондорунда (16,41±3,27) кемирүүчүлөрдүн пайыздык үлүшүнүн жогору экендиги, аларда кемирүүчүлөр үчүн шарттардын оптималдуу экендигин далилдейт.

Парктын аймагында байырлаган чыгыш сокур момолоюнун *(Ellobius tancrei)* тыгыздыгын аныктоонун жыйынтыгы орточо эсеп менен 1 га аянтка 28-30 особь туура келээрин көрсөттү. Бул түр негизинен парктын төмөнкү аймактарында гана катталды.

**Корутунду**

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы көпчүлүк табигый ландшафттар акыркы жылдары өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Алардын негизгилери болуп, малдардын санын көбөйүшү, жайыттардын үнөмсүз пайдаланылышы, мыйзамсыз аңчылык кылуу, отун даярдоо ж.б.

Мындай антропогендик факторлордун натыйжасында синантроптук чычкан сымал кемирүүчүлөр *(Rattus turkestanicus, Rattus norvegicus* жана *Mus musculus)* үчүн жагымдуу шарттар түзүлүп, алардын санынын басымдуулук кылгандыгы аныкталып жатат. *Rattus norvegicus* орто тоо бийиктик алкагына чейин ареалын кеңейткендиги белгилүү болду. Ал эми парктын көпчүлүк аянтын токойлор түзгөндүктөн *Apodemus sylvaticus* доминант түр катары катталды.

Парктын аймагында байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ландшафттар боюнча бөлүнүштөрүн анализдөөнүн жыйынтыгы кемирүүчүлөрдүн ландшафттар боюнча бирдей таркалбагандыгын көрсөттү. Бул ланшафттардагы шарттардын оптималдуулугуна жана антропогендик факторлорго байланыштуу болот. Андыктан да, кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы арча токойлордо жана табигый жээк экотондорунда басымдуулук кылса, синантроптук түрлөр антропогендик-селитебдик ландшафттарда жана агроценоздордо басымдуулук кылыгандыгы аныкталды. Бирок, алардын арча токойлорунда да кездешиши арча токоюнун антропогендик таасирлерге кабылып жаткандыгын тастыктайт.

**Адабияттар**


1. Айзин Б.М. Грызуны и зайцеобразные Киргизии: (Экология, роль в поддержании природных очагов некоторых заболеваний) / Б.М.Айзин. Фрунзе: Илим, 1979. 200 с.
2. Атабеков У.А. Түштүк Кыргызстандагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн фаунасы. Дисс. автореф …биол.илимд.канд. –Бишкек, 2013. -24б.
3. Кадастр генетического фонда Кыргызстана: том IV. Тип Chordata – хордовые. Б., 2015. -128 с.
4. Кулназаров Б.К. Млекопитающие юга Кыргызстана, проблемы их охраны / Б.К.Кулназаров; Биол.-почв. ин-т Нац. АН Кырг. Респ. Бишкек: Б.и., 2008. 216 с.

5. Кулназаров Б.К. Материалы к изучению млекопитающих на преобразованных ландшафтах Южного Кыргызстана / Б.К. Кулназаров, Г.А.Садыкова //Актуальные экологические проблемы Кыргызстана: Материалы Респ. науч. конф.- Ош, 1993.- С. 38-39
6. Кучерук В.В. Количественный учет важнейших видов грызунов и землероек [Текст] / М.: Мир, 1986.- 376 с.
7. Матибали уулу, Ш., Алижанова, Д., & Абжамилов, С. (2022). “Саркент” МЖПнын аймагындагы жыланцач манжа сур геккондун (Gymnodactylus russowi str.) таралуусу. *Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География*, (1), 51-57. https://doi.org/10.52754/16948688_2022_1_7. EDN: JJPMOW.
8. Млекопитающие Киргизии /Янушевич А.И., Айзин Б.М., Кыдыралиев А.К. и др.; [Текст]. Отв. ред. Громов И.М., Янушевич А.И. Фрунзе: Изд-во Илим, 1972. 464с.
9. Нурлан Кызы, Ж., Мажитова, С., Абжамилов, С.Т. (2019). “Саркент” МЖПнын аймагындагы жыланцач манжа сур геккондун (Gymnodactylus russowi str.) таралуусу. *Вестник Ошского государственного университета*, No.4, сс. 31-35. EDN: PCZORU.
10. Северцов Н.А. Краткий отчет о памирских исследованиях и общих научных результатах Ферганской ученой экспедиции / Н.А.Северцов // Изв. рус. геогр. о-ва. Пб., 1879. Т.15. С. 36.
11. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана. Б., 2010. 116 с.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№2(3)/2023, 14-32

***ГЕОГРАФИЯ***

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948688_2023_2(3)_3

# HILFSWERK INTERNATIONAL: THE ROLE OF AN NGO AT THE INTERFACE BETWEEN SCIENCE, SOCIETY, AND GOVERNMENT IN CENTRAL ASIA

# HILFSWERK INTERNATIONAL: РОЛЬ НПО НА СТЫКЕ НАУКИ, ОБЩЕСТВА И ГОСУДАРСТВА В ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ

# HILFSWERK INTERNATIONAL: БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ИЛИМ, КООМ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИН БАЙЛАНЫШЫНДА ӨЭУДАРДЫН РОЛУ

**Gisela Domej**
*Гизела Домей*
*Гизела Домей*

**Adam Mickiewicz University, Faculty of Geographical and Geological Sciences, Poznan, Poland**
**Vilnius University, Faculty of Chemistry and Geosciences, Vilnius, Lithuania**
*Университет Адама Мицкевича, факультет географических и геологических наук, Познань, Польша*
*Вильнюсский университет, факультет химии и геонаук, Вильнюс, Литва*
*Адам Мицкевич атындагы университет, географиялык жана геологиялык илимдер факультети, Познань, Польша*
*Вильнюс университети, химия жана гео-илимдер факультети, Вильнюс, Литва*
gisela.domej@amu.edu.pl
gisela.domej@chgv.vu.lt
ORCID: 0000-0001-9731-8266

---

**Stoyanka Manolcheva**
*Стоянка Манольчева*
*Стоянка Манольчева*

**Hilfswerk International, Eastern Europe & Central Asia, Vienna, Austria**
*Hilfswerk International, Восточная Европа и Центральная Азия, Вена, Австрия*
*Hilfswerk International, Чыгыш Европа жана Борбордук Азия, Вена, Австрия*
stoyanka.manolcheva@hilfswerk-international.at

---

**Umed Aslanov**
*Умед Асланов*
*Умед Асланов*

**Hilfswerk International, Central Asia Mission, Dushanbe, Tajikistan**
*Hilfswerk International, Миссия в Центральной Азии, Душанбе, Таджикистан*
*Hilfswerk International, Борбор Азия миссиясы, Душанбе, Тажикстан*
aslanov@hilfswerk.tj

**Shuhrat Qodirov**
*Шухрат Кодиров*
*Шухрат Кодиров*

**Hilfswerk International, Central Asia Mission, Dushanbe, Tajikistan**
*Hilfswerk International, Миссия в Центральной Азии, Душанбе, Таджикистан*
*Hilfswerk International, Борбор Азия миссиясы, Душанбе, Тажикстан*
shuhrat.qodirov@hilfswerk.tj

# HILFSWERK INTERNATIONAL: THE ROLE OF AN NGO AT THE INTERFACE BETWEEN SCIENCE, SOCIETY, AND GOVERNMENT IN CENTRAL ASIA

**Аннотация**

Relevance. Over the last decades, distinct models, strategies, and funding forms have become available for international projects in various sectors. On the academic plane, and particularly in the fields of environmental science and sustainability, project applicants usually face the choice between purely scientific grants or those dedicated, e.g., to social or business development. Very often and paradoxically, this discrepancy has to be overcome already at the stage of a grant application, as many donors require a clear outline of the expected impact of a respective project reaching out to other sectors of application. In this article, we present the Central Asia Mission of the NGO Hilfswerk International and its essential beneficial role for international project implementation between Europe and Central Asia at the interface between science, society, and governments. Its mode of operation over more than 15 years is outlined by the five consecutive economic development projects CANDY I–V and the thereupon-based Erasmus+ projects HECAFS and AgroDev targeting capacity building in higher education systems. All seven projects had a strong focus on agriculture and food security but exemplarily stand for Hilfswerk International's flexible expertise adjustable to other crucial thematics of the near future – i.e., climate change, environmental pollution, water security, etc.

***Keywords:*** NGO, agricultural development, food security and standardization, SME support, higher education development, capacity building, sustainability.

***Hilfswerk International:  роль НПО на стыке науки, общества и государства в Центральной Азии***

**Аннотация**

